УДК: 821:82-1/-29

Эгембердиева А.А
*«Айгине» маданий-изилдөө борбору, Бишкек ш.*

# ТӨКМӨЛҮК ЖАНА АЙТЫШ ӨНӨРҮНДӨГҮ АЯЛ ЗАТЫНЫН ОРДУ

*Бул макалада төкмөлүк жана айтыш өнөрүнө байланыштуу сөз Октябрь революциясына чейинки теңсиз доордогу кыргыз аял акындарынын чыгармачылыгына байланыштуу айтылды. Бул өңүттө ал акындардын кайсынысы кайсыл багытта ыр жараткандыгы аныкталып, аталган мезгил тилкесиндеги калтырылган мурастар жөнүндөгү маалыматтар жалпылаштырылды.*

Боордош кыргыз-казак элдеринде бирдей бааланган улуу өнөрлөрдүн бири – төкмөлүк, анын ичинде айтыш өнөрү. Кат-сабатсыз экендигине карабастан, жады маданиятын жаратып, ички мүмкүнчүлүктөрүн ыр аркылуу таасын билдирген кечээги төкмөлөрдүн үзүлбөс узак жолу бар. Муну бүгүнкү күндө дагы мамлекет ичиндеги жана мамлекеттер аралык айтыш өнөрүнүн улантылып келатышы далилдейт. Кайсы гана аудитория болбосун (казактыкыбы, кыргыздыкыбы), котормочусуз биринин оюн бири илгиртпей түшүнүп, ачыгын мындай кой, көмүскө айтылганын көкүрөк менен сезип, эки эл өз ара түшүнүүчүлүктүн бийик үлгүсүн көрсөтүп келишет. Бул өнөрдүн табияты туурасында: «Чындыгында, тематика тандабастан, өз өмүрүндөгү баамы жетип, көргөн-билгендерин акыл таразасынан кылдат өткөрүп келип, акындык талантына жараша, бир укканда эле эсте калчу табигый учкул тизмектер менен термелеп жиберүүчү төкмөлүгүнө - санатчылык, ири масштабдагы дастанчы, «манасчы», о.э. артисттик, аткаруучулук, күүчүлүк, обончулукту синкреттештирген ашкан виртуоздук чеберчиликтеги бул татаал өнөр ээлерине таң бербей коюуга мүмкүн эмес. Кыргыздардын башка элдерден өзгөчөлөнгөн мээнеткечтиги, ыр токуй билүүчүлүктөгү уникалдуулугу дал ушул – төкмөлүгүнөн айкын көрүнөт» [5. 3-б.] - деп, өзүнүн изилдөө китебинде окумуштуу Абды Обозканов таамай белгилеген. Ал эми адабиятчы, философ Теңдик Аскаров: «Импровизация – кыргыз эл поэзиясынын жогорку тепкичи, анын өзгөчө жаркын көрүнүшү. Бул өтө сейрек өнөр заматта тутангыч поэтикалык таасирленүү менен турмуштук мазмундун төп келишкен, гармониялуу айкашкан жеринен жаралат» [3. 15-б.], – деп көрсөтөт. Чукугандай сөз тапкычтыкка жана ойлордун мобилдүүлүгүнө негизделген бул өнөр жөнүндө айтылган таасын пикирлер оголе арбын, бирок, анын баарын тизмектеп отурууга макаланын көлөмү жооп бербейт.

Адатта атактуу өнөрпоздор ысымы менен гана айтылат. Арстанбек, Солтобай, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Коргоол, Калык, Барпы, Актан, Осмонкул, Алымкул, Шекербек, Ысмайыл, Токтосун, Ашыраалы, Эстебес, Тууганбай, Замирбек жана алардан кийинки Абдылда, Амантай, Жеңишбек, Элмирбек, Аалы – кыргыз элиндеги бул ысымдарды кимдер гана билбейт. Алардын айтканын эл аңыз кылып, «баягы айтышта баланчага баланча минтип жооп берbegи беле», «баягы салтанатта баланча минтип төгүп ырдабады беле» - дешип, узун сабак сөз кылышат.

Кыргызда акын катары аңыз болгон аял ысымдары дагы бар. Акбермет, Ак Шербет, Бурулча, Жаркынайым, Наркүлбүбү, Балкы кыз жана башкалар. Албетте, биз «жана башкалар» деп таштап койгон сөз учугу ким жөнүндө болоору али белгисиз. Дегеле «жана башкаларды» түзө турган дагы башка аял заты тарыхта болгонбу, кайсы мезгил, доордо жашаган? Болсо, алардын оозунан чыккан асыл сөздөрү кимдир бирөөнүн жадында сакталып, анын урпагына өттүбү? Алардын айтканы кайсы бир күнү жарыкка чыкчу учур келеби? Тарыхта такталбай калган ирмемдер такталабы? Бул суроолордун жандырмагы али белгисиз. Андыктан биздин азырынча колдо болгон фактылардын негизинде гана сөз кылуу укугубуз бар.

Маалыматы далилдүүрөөк жана кеңирирээк жолуккан аял заттары – XVIII кылымдын экинчи жарымында жашап өткөн Бүргө баатырдын кызы Ак Шербет, өмүр турмушунун алгачкы кадамдары XIX - XX кылымдардын чегине туш келген Кетмен-Төбөлүк акын Акбермет Карагул кызы жана 1840–1916-жылдар аралыгында жашап өткөн,

айтылуу «Бурулчанын селкинчек» ыр-күүсүнүн автору, Көлдөгү белек уруусунун кулуну Бурулча Осмонбек кызы.

Ак Шербеттин жанкушчу уруусунун бийи Кубатбектин уулу Агышайбекти чанып ырдаган ырлары менен атасы Бүргө баатырдын көзү өткөндөгү кошкон кошогу таластык Касымбек Сейдакматов жана Кушубек Исан уулу деген адамдар тарабынан эл оозунан жыйналып, кагазга түшүрүлгөн. Хандын кызы экендигине карабай кудалаган күйөөсүнө аргасыз баш байлап, «Атакем мени берем деп, /Ант менен бууган жолумду. /Анттан-шерден танганда, /А кургурду чанганда /Атамды тилген ал кушчу /Акимсинген хан кушчу /Айылды соо коёбу. /Айылды жоого чаптырсам, /Акыры түбүм оңобу, / Атасын сөзгө сындырган / Атанын кызы болобу?» [2, 52-б.] – деп, доордун аял затынын тагдырын чагылтат. Ал эми анын атасына кошкон кошогу кыргыздын кошок жанрынын мыкты үлгүсүн түзөт.

Ал эми Акбермет Карагул кызы жөнүндө: «Табият берген өң-келбети, сулуулугу тагдырынын тайкы болушуна себепчи болгон, - деп жазат адабиятчы Сулайман Кайыпов. – Акберметтин өмүрү карама-каршылыктарга укмуштай ширелишкен. Акындын өмүр жолуна кыскача кайрылалы: 1911-жылы 12 жаш курагында атасы Карагулдан айрылат. Кетмен-Төбө жергесинде кадимки Токтогул ырдаган беш камандын арааны жүрүп турган кези болуп, көп өтпөй 13 кө жашы толо элек Акберметти алтын, күмүш, мал алып, үстүнөн бычып, өз кишилеринин бирөөнө баш байлоого аргасыз кылышат. 15 жашында уул төрөп, эми башоту менен биротоло байлангандай болсо да, жетимдиктин азабынан тез тотуккан, ары турмуштун, жашоонун, өмүрдүн маанисин илгиртпей туя билген сезимтал Акбермет «жазмыштын башка салганына» баш ийип отура берүүдөн баш тартып, бошонуп чыгуунун жолун издейт. Акыры эркиндик алып, өз көңүлү жактырган айылдык бир кедей жигитке баш кошмокчу болгондо, зомбулук менен аны экинчи бир жерге сатышат. Андан да ажырап, өз эркиндигин колуна алуу үчүн жергиликтүү билермандардын баарына арыз менен кайрылып, ажатын ачууну өтүнөт. Бирок, эч кандай жыйынтык болбой, кайра айыпка жыгып, мал салып, Акбермет эмес, анын чийедей жаш инилеринин да жашоосун оордотушат. Киши тагдырын буюмдай пайдаланган «мыктылар» аны дагы бир байга туткун кылып беришет. Айласы кетип, эч кимден колдоо таба албаган Акбермет акын арман, муң толгон ырларына күчүн чыгарат. Мезгил мыйзамынын күчтүгүнөн Акберметтин өз тагдырын өзү чечүү үчүн жан үрөп жасаган аракети таптакыр сая кетип, эми Таластагы Каракол болушунда жашаган 65 жаш курагындагы бир малдуу, мүлктүү кишиге токолдукка сатылат.

Кыргыз фольклорунун жыйноочусу К.Мифтаков 1923-жылы 9-июлда Акберметке дал ушул үйдөн жолугуп, арман ырларынын, кошокторунун, сүйүү ырларынын айрымдарын өз оозунан жазып алган. Күйөөсүнөн, күндөштөрүнөн жашырынып жүрүп, арман ырларынын төрттөн бирин гана араң айтып бере алгандыгын, жагымдуу үн, өзүнө таандык обон менен киши чыдагыс муңдуу кылып ырдагандыгын жыйноочу тамшана белгилейт. Кыргыздын көп айылдарын аралап, көзү каныккан К. Мифтаков Акберметтин талантына, прогрессчил көз карашына баа берип, төмөндөгүчө жазган: «Бул Акбермет катындардын өз укуктары үчүн адабият аркылуу күрөшө баштагандарына биринчи мисал болууга жарайт. Акбермет чектен тыш сулуу (1923-жылда да) кыргыздын эң сулуу кыздарынан сулуу эле. Акын, чечен болсо да, өзүнүн кат билбегендиги, кеңеш мыйзамдарынан кабарсыздыгы манаптар колунда кор-зар болуп сатылып жүрүүсүнө себеп болгон. Кыргыз катын, кыздары мына ушундан ибарат алып, душманыңарды таанып алсаңар болот» [2, 59-60-бб.].

Зар менен жазылган: «Ой-боюма койбостон /Манаптар айтканыма болбостон, /Барасың деп күч кылды, / Бир жаманга туш кылды. / Камчымды колго илгемин, / Бу жаман кардал болуп келгенде / Кадырыма жетпейт деп, / Мен шордуу какылдап ыйлап билгемин. // Тизгиним колго илгемин, / Түбү жүрүп бу жаман / Теги ылайык келбейт деп, / Мен шордуу далдырап ыйлап билгемин» [2, 61-б.] - деп айтылган ырындагы ойлордон улам байкалган нерсе – Акбермет канчалык теңсиз коомдун курмандыгы болгон менен,

ошол эле мезгилде өз «кадыры» менен «тегин» ойлогон кыргыздын жүрөктүү кызынын элесин берет. Ырас, ал өзү айткандай, көз жашын нечен көл кылгандыр, бирок ошол эле мезгилде ал жазмышка жөн гана баш ийип бере койбойт. «Кадырыма жетпейт деп», «теги ылайык келбейт деп» ыйлаганын эске алсак, демек, кыргыз кызы, кандай катаал шарт болбосун, өз барк-баасын билген. Кыргыз кызынын дүйнөсүндөгү мындай ички «бунт» бир катар мисалдардан жолугат. Акбермет Ак Мөөр, андан тышкары тарыхта Качкан кыз деген ат менен белгилүү болгон Каптагай кызы, Мактым, Жаңыл мырза ж.б. замандаштарынын тагдырын чогултуп келип, өз дүйнөсүнүн муң-зары аркылуу ыр кылып жатат.

«Кызыл тоо башы желдейди, /Кыргыек конбос белдейди. /Кызыккан жарга жеткизбей, / Кыз экенде кыйылткан, /Кыргыз, кытай баш кошсо, / Кызы туубас мендейди. // Кара тоо башы желдейди, / Карчыга конбос бел дейди. / Каалаган жарга жеткизбей. /Казак, калмак баш кошсо, /Катыны туубас мендейди» (2.62-б.) - бул саптардан чын эле, К.Мифтаков белгилегендей, Акберметтин көрк-келбети бир далай болсо керек деген ойго келесиң. Ошентип, өзүнүн периштедей келбетин астейдил кадырлап, чыгармасы аркылуу өз образын түзүп кеткен кайран акын өткөн кылымдын башындагы кыргыз кыздарынын үнүн эшиттирет.

Бурулчанын тагдыры болсо өз доору үчүн кыйла кызык. Ал «таш түшкөн жеринде оор» мыйзамын четке кагып, атасы кайындап, күйөөлөп келген күйөөсүн көз көрүнөө чанып, өзү каалап, үч аялы, бала-бакырасы бар Урдөөлөт баатырга баш кошуп, баатырдын зоболосун көтөрүп, эл билип, анын көзү өткөн соң, жалгыз уулу Чолпонбайды эрезеге жеткирсем деген ниет менен Кудаяр элиндеги Кытат деген байга турмушка чыгып, күтүрөгөн мал эсебин таап, 1916-жылы улуу үркүндө 76 жаш курагында каза болгон экен. Бурулчаны өз көзү менен көргөн Чалагыз Иманкулов «өмүр элестери» аттуу китебинде ал көрүшүүнү баяндаган жана «Бурулчанын селкинчек» ыры бир топ бурмалануударга туш болгонун айтып, кейипкердин өзү анын түп нускасын кагазга түшүрткөнүн эскерет [2, 45-47-бб.].

Ырас, жогорку аял заттарынын ырлары, балким, төкмөлүктүн түз үлгүсү эмес, анткени ал саптар - кагазга түшпөгөнү менен, алардын көңүлүндө жедеп жатталып, кайталанып, эс тутумдун аркасында сакталып калган туундулар. Албетте, ал инсандар ушул чыгармачылык дараметтери менен эл алдында дароо төгүп, ыр жаратуу мүмкүндүктөрү болмок экендигин тана албайбыз. Бирок, тарых бизге аларды саал башкача өңүттө тааныштырды.

Ал эми төкмөлүктү айкын тааныткан айтыш көрүнүшүнө келсек, бул өңүттө Наркүлбүбү менен Жеңижоктун, Балкы кыз менен Калыктын айтыштары убагында кагазга түшүрүлүп калган. Бул жерден дагы айта кете турган сөз, бизге айтыштары гана жеткен эки аял затынын «багажында» дагы кандай жаратмандык үлгүлөрү болгону бизге белгисиз бойдон калды. Эл алдында чукугандай сөз тапкан акындар өз алдынча деле далай көркөм дөөлөттөрдү жаратып жүргөнүнө шек кыла албайбыз.

«Акындар айтышы» деген түшүнүккө «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очеркинде» төмөнкүдөй аныктама берилген: «Айтыш ырлары – кыйла мезгилди кучагына алган, бизге белгисиз замандардан бери жашап келе жаткан жана эл арасына кеңири тараган жанр. Айтыш эки же андан көп адамдын катышуусу менен аткарылат. Мына ушундан эле эки кишинин бетме-бет чыкканын, бири-бирин жеңүү үчүн сынашканын байкайбыз. Айтыштын өзү негизинен чечендикти сыноого байланыштуу келип чыккан түр» [4, 208-б.].

«Жеңижок Таластагы чоң ырчы Эсенаманды жана Майкөттү катары менен жыккандан кийин, Эшенкул деген болуш: «Аксыдан келген бир бала биздин Олуята дубанындагы кыргыз, казак акындарын жеңип кетсе, ар-намысты алдырганыбыз эмеспи» - деп, Наркүлбүбү деген келин ырчыны – Эсенамандын кызын бет кылган экен…

Апаң онго чыгып октолгон,
Он биринде токтолгон.

Он экиге киргенде,
Бет алар ырчы жок болгон.
Он үчүмдө мүчөдүм,
Он төрт жашка киргенде,
Андан бетер күчөдүм.
Оң менен солдон жыгылбас,
Менден экен мүчөлүң» [4, 222-б.].

Наркүлбүбү алгач өзүнүн кыз кезегиндеги өсүштү белгилей, «он экиге келгенде бет алаар ырчы жок болгонун» белгилөө менен, айтыштагы шеригине өзүнүн акындык дараметин мактай өтүп, «дагы деле жеңем» деген ички ишенимин туюндурду, мунусу менен акын ириде өзүн шердентти, тапка келди. Аталган өнөргө бул эң мүнөздүү белги. Дегеле кайсыл акын болбосун, маңдайындагы шериги жөн адам менен айтышка чыгып атпагандыгын баса белгилеп, бир аз «сесин алып коюу» шарты кеңири таралган. Биздин өлчөм менен алганда, кичинекей кезинен улуу өнөргө баш байлаганы, Наркүлбүбүнүн тубаса акындык жөндөмүн, ошол эле учурда төкмөлүк өнөрдүн адамдын каалоо-эркине анчейин баш ийбеген, манасчылардыкындай «дааруу» жолу менен ишке аша турган өнөр экендигин астейдил туюнтат («Он төрт жашка киргенде / Ого бетер күчөдүм»).

Андан ары көз жүгүртсөк:

«Ошо Суранбайдын ашында,
Казак, кыргыз кашында,
Анжыяндык Муса ырчы,
Аркасынан чуулдап
Айтышып калды үч ырчы.
Ошо төртөөлөп алы жетпеген,
Асылышкан ырчылар
Апаңдан аман кетпеген.
Акындыгын көргөзүп,
Акыл менен эптеген.
Аксыдан келген Нурмолдо,
Шарыят менен сенчилеп,
Айтышып көргөн бир жолдо.
Апаңдай акын кайда бар,
Абайлап көрсөң оң-солдо?
Төрт дубанга жеткирбес
Төрт аягы тең жорго.
Тиктегени сен элең,
Тийдиң, кайним, оң колго!..» [4, 223-б.].

- деп, Наркүлбүбү акын жогорудагысынан дагы күчкө келип, өзүн сүрөп ырдайт. Кыргыздын төрт дубанын мындай кой, Анжыяндан, казактан бери келген акындарды тобу менен «сулаткан» акын жадагалса «шарияттын сөзүн сүйлөгөн» Нурмолдо акынга дагы баш ийбегендигин айтуу менен, андагыдай катаал заманда оңой менен аялдан акын чыкпастыгын, чыкса, катуу чыгарын туюндурат. Жалаң гана жеңиш жылоолоп жүргөндүгүнө эрдемсиген акын ыр көлүн агызууда тайсалдабайт, саптары шар кетет да, өзүн «төрт аягы тыбыраган жорго» сезет. Акын менен акындын айтышы эң кызыктуу көрүнүш, бирок теңсиз доордо аял акындын жигит менен айтышы таңгаларлык, адаттан тыш, көзгө комсоо дагы окуя болгон. Мунун өзү Наркүлбүбүгө берген Жеңижоктун жообунан айкын туюлат:

«Эки бети алынган,
Ээгин ачып салынган,
Эри жок кимдин жесири?
Ээлигип катын ырдаса,
Элине тиет кесири.
Эл башкарган өзүңдөй,

Бегине тиет кесири» [4, 226-б.].

Ырас, айтыш өнөрүндө бирин-бири чукулап, тийишип, какшыктап, сөзүнөн кармап жооп кайтарып, бир кыйла татаал мамилелер орун алса дагы, Жеңижоктун Наркүлбүбүгө карата айтышында негизги маани анын аял адамы экендигине берилет. Аял затынын эл алдына ырдап чыгышы өз элине кесир тийгизчү начар көрүнүш экендигин туюндуруу ыр ырдалып жаткан доордогу аял затынын турмуштагы ордун дагы айгине туюнтат.

Акындык дарамети жагынан жеңилүүгө жолу жок Наркүлбүбү эркек адамынын сөзүнө жыгылууга аргасыз болот дагы, эл, угармандар түшүнүгүндө жеңүүчү тарап Жеңижок атыгат. Мындай адилетсиз чечим, жыйынтык теңсиз доордогу мамилелердин бир гана көрүнүшү болгон. А бирок мунун өзүн айтыштын баалуулугуна шек келтирбей турган көрүнүш катары баалашыбыз керек. Анткени мындай кордоо, акыйнек сыяктуу нерселер болбосо, айтыш даамына келбей, угармандардын кулагы канбай, а тургай акындардын өздөрү ыраазы болбой калышы толук мүмкүн.

Ал эми Балкы Субан кызы Калыкка карата төмөнкүдөй учурашат:

«Аманбы ырчы жаш Калык?
Ар өнөргө маш Калык!
Акын болду деп уктум,
Аш менен тойду башкарып.

… Келин алып, кыз берип,
Келбеттүү болот биздин эл.
Кетмен-Төбө саяк дейт,
Кеңеши кандай Сиздин эл?

Уул үйлөнтүп, кыз берген,
Урматына биз келген,
Ушундай болот биздин эл.
Урааны саяк деп угам,
Урматы кандай Сиздин эл?» [4, 220-221-бб.].

Мында Балкы кыздын мурдатан эле Калыктын кабарын эшитип жүргөндүгү, анын ар өнөргө маш талант экендигин баалагандыгы айкын болот. Ал жеке өз атынан гана эмес, жалпы Кетмен-Төбөнүн атынан ырдап, элинин кадырын көтөрө чаап жаткандыгы, элинин той үстүндө сайран курган, беймарал турмуш кечирген куттуу эл экендигин баяндаганы, ошол эле учурда жеке эле Калыктын өзү жөнүндө эмес, жалпы эли жөнүндө сурап жаткандыгы көрүнөт. Демек, мында акындар жеке керт баштары жөнүндө эмес, эли, тууган-уругу жөнүндө кеп баштай тургандыгы анык, бирок ал айтыштын андан аркы өнүгүшү кайсыл өңүткө бурулат, бул алардын айтышкан жоопторуна, акындык дараметтерине жана бири-бирине түшкөн назарына карата болот. Угармандар дагы акындардын ириде капылеттен сөз таба билүү жөндөмүнө баа берет.

Кыргыз руханий дүйнөсүнө бешик ырлары менен кошокторду тартуулаган, аты, авторлугу белгисиз жүздөгөн асыл заттар орошон таланттарын көкүрөгүндө түнөткөн бойдон заман салышты. А бирок бирин-экин болсо дагы жогорудагыдай акындардын тарыхта калышы кыргыз элинин адабияты, маданияты үчүн баалуу мурас деп эсептегенге болот.

Албетте, бул жыйынтык бир нече суроолорду жаратат. Жогорку мурас кийинки муун тарабынан кандай улантылды? Теңсиздик доордун курмандыгы делген асыл заттар жогорудагыдай көркөм нарктарды калтырып жаткан учурда, төкмөчүлүк жагдайында теңдик доордо кандай үлгүлөр жаратылды? Төкмөлүктүн, айтыш өнөрүнүн бүгүнкү доордо аял затынын дүйнөсүндөгү орду канчалык? Дегеле төкмө болуш үчүн аял адамына эмне жөндөмдөр зарыл? Төкмөлүк адам өнөрүнө гана байланыштуу нерсеби же тышкы башка бир күчтөргө байланыштуубу? Бул суроолордун жана аталган өнөрдүн бирден-бир өкүлү болгон казак кызы, кыргыздын келини, таланттуу акын Майра Керим кызынын чыгармачылыгынын тегеретесинде өзүнчө сөз кылууга туура келет.

**Адабияттар**

1. Абасбеков А.Т., Молдокасымов К.С. Кыргыз айымдары тарых таразасында. (XIX кылым). –Б., 2004.
2. Аялзатка таазим. – Б.: Ала-Тоо журналынын редакциясы. 1996.
3. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 2 томдук. I т. –Ф., 1980.
4. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. –Ф.: Илим. 1973.
5. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. –Б.: Шам. 2006.